навыка, мягко говоря, недостаточно соответствует спросу. К примеру, анализ сайта РИПК и ППР при МОН КР показал, что за последние три месяца 2020 года (информация за 2021, 2022 годы отсутствует) были проведены курсы: "Электронные ресурсы в школе", "Информационно-коммуникативные технологии в учебном процессе" и "Теория и методика преподавания информатики", объем курсов 72 часа, первый могут пройти все учителя, а второй и третий рассчитан для учителей по информатике.

В связи с этим, участникам исследования был задан вопрос: по каким темам вы хотите пройти обучение? Наиболее актуальный навык цифровой компетентности это умение работать по офисным программам (Word, Excel и др.) - 110(42,3%); по методикам использования компьютера в преподавании моего предмета - 99(38,1%); по компьютерной грамотности – 98(37,7%). Наименьшее количество голосов имел вариант курса ПК – организация и проведение онлайн курсов – 41(15,8%). Такие результаты говорят о том, что школьный учитель ориентирован больше на использование компьютера как источника информации, как помощника в организации уроков. Использование компьютера и интернета для реализации более сложных, креативных задач, таких как разработчик авторских онлайн курсов, как вебинарист (ведущий вебинара) школьный учитель пока не видит.

Таким образом, анализ цифровых навыков и возможности дополнительного профессионального образования показал, что необходимо сделать ревизию на соответствие "Требований к ИКТ-компетентностям учителя общеобразовательных школ КР" с тематикой курсов, которые предлагают образовательные организации, занимающиеся повышением квалификации и переподготовки педагогических кадров и определил следующие задачи:

1. Расширить тематику курсов ПК в соответствии с требованиями к ИКТ компетентностям учителя;
2. Систематизировать трехуровневое повышение квалификации: базовый, средний, продвинутый;
3. Разработать онлайн курсы, с возможностью обучения по индивидуальному графику.
4. Повысить роль Вузов в повышении квалификации учителей (ИКТ).
5. Пересмотреть объемы часов программ повышения квалификации в Положении о дополнительном профессиональном образовании КР.

***Литература***


*1. Глухов А.П. Цифровая грамотность поколения Z: социально-сетевой ракурс. // Вестник Томского государственного университета Философия. Социология. Политология. - 2019. - №52. - [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/tsifrovaya-gramotnost-pokoleniya-z-sotsialno-setevoy-rakurs# (дата обращения: 02.09.2022)*

*2. Дополнительное профессиональное образование в Кыргызской Республике. Утверждено постановлением КР от 3 февраля 2004 года №5. - [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://continent-online.com/Document/?doc_id=30291277#pos=0;126.66666412353516 (дата обращения: 02.09.2022)*

*3. Квалификационные требования к ИКТ-компетентности учителя общеобразовательных школ Кыргызской Республики. Приложение к приказу МОН КР № 978/1 от 8 июня 2021 года.*

*4. Колченко Л. В. Особенности внедрения информационно-коммуникационных технологий в учебно-воспитательный процесс школы // Мир науки, культуры, образования. - 2009. - № 4 (16). - С. 109–111*

*5. Руководство по общим стандартам разработки программ обучения медийно-информационной грамотности. - [Электронный ресурс]. – Режим доступа:https://www.unesco.org/sites/default/files/medias/files/2022/02/Global%20Standards%20for%20Media%20and%20Information%20Literacy%20Curricula%20Development%20Guidelines_RU.pdf (дата обращения: 02.09.2022)*

*6. Туоминен С., Котилайнен С. Педагогические аспекты формирования медийной и информационной грамотности / С.Туоминен, С.Котилайнен. - М.: Институт ЮНЕСКО по информационным технологиям в образовании, 2012. - 142 с.*

*7. Цифровое будущее. Каталог навыков медиа- и информационной грамотности. – Москва, Межрегиональный центр библиотечного сотрудничества (МЦБС), 2013. – 68 с.*


***УДК: 37.013.***
***DOI 10.35254/bhu/2022.61.17***

***Сабырова Э. С.,***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек мамлекеттик университети*

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН СОЦИАЛДЫК ТАРБИЯЛООДОГУ ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада автор, балдардын социалдык тарбиялоодогу теориялык негиздерин караган. Коомдук тарбиялоо баардык эле өлкөлөрдө стратегиялык маселе катары биздин мамлекеттибиз кыргызстанда дагы ар дайым көңүлүнүн чордонунда. Анткени, балдарды коомдук тарбиялоодо адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы катары көрсөтүлүп келген. Макалада, педагогикалык-теориялык ойлордун негизинде социалдык тарбиялоо көрсөтүлдү.*

*Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан жана дагы айтып келишүүдө. Автор, тарбиялоонун жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманаары зарыл деп карашкан. Автор, акыркы убакта коомдук тарбиялоо жөнүндө канчалык көп айтып жатышканын эске алып, бирок ошол нерсе аткарылбай келе жатканын биздин эң негизги маселелерибиз экендиги талашсыз.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, мектеп, билим, эмгекке тарбиялоо, тарбиялоо, үй-бүлөлүк тарбиялоо, адеп-ахлактык, руханий баалуулуктар, окумуштуулар, көз караш.*

***Сабырова Э.С.,***
*Бишкекский государственный*
*университет им. К. Карасаева*

## ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ СОЦИАЛЬНОГО ВОСПИТАНИЯ ШКОЛЬНИКОВ

***Аннотация***

*В данной статье автор рассматривает проблему социального воспитания детей. Народное образование всегда находится в центре внимания государства как стратегическая проблема во всех странах. Ведь социальное воспитание детей показано как средство передачи общественно-исторического опыта, культуры, духовно-нравственных традиций, накопленных человечеством, народом и обществом. В статье представлено социальное воспитание на основе педагогических и теоретических идей. Мыслители всегда говорили и говорят об идее воспитания лучших человеческих качеств в подрастающих поколениях. Автор считает, что независимо от изменений в характере воспитания, в семейном воспитании, как правило, необходимо следовать семейным заветам, вытекающим из сознания народа. Автор, принимая во внимание то, как много мы говорим о социальном воспитании в последнее время, но то, что оно не осуществляется, несомненно, является нашей самой важной проблемой.*

***Ключевые слова:*** *семья, школа, воспитание, трудовое воспитание, воспитание, семейное воспитание, нравственные, духовные ценности, ученые, точка зрения.*

***Sabirova E.S.,***
*Bishkek state university*
*af. K. Karasaev*

## THEORETICAL FOUNDATIONS OF SOCIAL EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN

***Abstract***

*In this article, the author considers the problem of social education of children. Public education is always in the center of state attention as a strategic issue in all countries. After all, the social education of children is shown as a means of transferring socio-historical experience, culture, spiritual and moral traditions accumulated by mankind, the people and society. The article presents social education based on pedagogical and theoretical ideas. Thinkers have always talked and are talking about the idea of educating the best human qualities in the rising generations. The author believes that regardless of changes in the nature of education, in family education, as a rule, it is necessary to follow family precepts arising from the consciousness of the people.*

***Key words:*** *family, school, education, labor education, education, family education, moral, spiritual values, scientists, point of view.*

Бүгүнкү күндө коомдун өнүгүп, өзгөрүүсү өтө тездик менен жүрүп жаткан учурда коомдо орун алган көйгөлүү маселелерди чечүү жана жаш муундарды улуттук негизде инсан катары калыптандыруу талабы социалдаштыруу б.а. социалдык байланыштардын жана мамилелердин тутумун өздөштүрүү процессинин мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, механизмдерин, шарттарын, факторлорун, каражаттарын, жолдорун ж.б. өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү актуалдуу кылат [4, 5 б.]. Социалдык тарбия байыркы мезгилде пайда болгонуна карабастан, бул процесстин илимий негиздемеси жана аны билдирген термин салыштырмалуу жакында эле кабыл алынган. Инсандын өнүгүшүнүн, социалдаштырылышынын, анын коомдо өз алдынча болушунун жана адаптациялanышынын актуалдуулугун А. Дистервег, Э. Дюркгейм, Дж. Колеман жана тарбия салты социалдаштыруу салтынын бир элементи катары этнопедагогдор тарабынан изилдөөгө алынып келинген. Бул багытта Кыргызстандын педагогдору А.Э. измайлов, М. Р. Балтабаев, М.Р. Рахимова, Т. Ормонов, Н.А. Асипова, Токсонбаев Р.Н. Сабырова Э.С. жана башкалардын эмгектеринде белгиленген. Кыргыз социология илиминде инсандын социалдаштыруусу атайын изилдөөгө алынбаганы менен Э. Кочкорбаева, А. Райымкулова, И. Байназаров, В. Нуж-

ный ж.б. өз изилдөөлөрүндө социалдаштыруунун айрым аспектилерин талдоого алышкан.

Социалдык тарбиялоо - социалдык жактан каралган жана аны баарлашууда, оюнда, окууда тарбиялык жана коомдук пайдалуу ишмердүүлүктө коомдук мамилелердин ар кандай түрлөрүнө киргизүү аркылуу социалдык жетилгендикти жана инсандык өнүгүүнү калыптандырууга багытталган социалдаштыруу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Коомдук тарбия эң биринчиден коом менен байланышкан, коомдогу инсанды окутуу, тарбиялоо, психологиялык жактан даярдоо, өзүн өзү тарбиялоо менен тыгыз байланышкан. Бул моралдык, коомдук калыптануу жана инсандык өнүгүү максаттары үчүн педагогикалык каражаттардын жана мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууну камтыган бирдиктүү комплекстүү интеграциялык көп функциялуу процесс. Жаш муундарды социалдык жактан тарбиялоо маселеси жылдан-жылга көйгөлүү болуп жатат. Анткени азыркы жаштарыбыз заман талабына жараша бат өнүгүп бара жаткандай. Коомдук мамилелердин бүткүл системасына мүнөздүү болгон кризистик кубулуштар (эскинин кыйрашы жана жаңы баалуулуктардын калыптанбай калышы, руханийликтин жетишсиздиги, маданият деңгээлинин төмөндөшү жана социалдык тарбиялоону өркүндөтүү, аны ишке ашырууга стратегиялык мамилелерди өзгөртүү маселеси) каралып жатат. Учурдагы кризистен жемиштүү чыгууга жөндөмдүү негизги фактор болуп ар бир инсан жоопкерчилик менен мамиле жасап, өсүп келе жаткан муундун социалдык калыптануу процесстерине, коомдо идентификациялык багыттарды калыптандыруусу зарыл деп ойлойбуз.

Ошол эле учурда, педагогдордун көз караштарын талдоо көрсөткөндөй, илимий билимдердин түзүмүндөгү маанисин түшүнүүгө жана социалдык тарбиянын ордун аныктоого болгон ар кандай ыкмалар менен бул кубулушту чечмелөөгө аракеттенип жатат. Ошентип, коомдук тарбияны социалдаштыруу процессинин ажырагыс бөлүгү катары караган башка изилдөөчүлөр анын функционалдык максаты өспүрүмдөргө коом менен мамилени калыбына келтирүүдө педагогикалык багыттагы жана максатка ылайыктуу жардам көрсөтүүгө тиешелүү экендигин белгилешет. Социалдык тарбияны - социалдаштыруу процессинин бир бөлүгү катары аныктап, аны адамдын өнүгүүсүнө шарт түзүү жана стимулдаштыруу катары каралат. Шарттарды түзүү жагынан бул корутундуну колдоп, В. Мудрик [1, 56 б.] инсандын социалдык өнүгүүсү, инсанды тарбиялоо аркылуу коомдук тарбиянын маанисин мүнөздөйт. Бул идеянын өнүгүшүн М. И. Рожков [1, 34 б.] жана анын окуучулары социалдык тарбияны инсандык потенциалды ишке ашыруу үчүн мейкиндикти түзүүнүн каражаты катары карашат жана анын негизги максаты – интегралдык жеке сапат катары социалдуулукту калыптандыруу. Ушундай эле логиканы В. И. Курбатов [2, 75 б.], социалдык тарбияны анын ийгиликтүү социалдашуусу үчүн зарыл болгон инсандын социалдык маанилүү сапаттарын калыптандыруунун максаттуу процесси деп түшүнөт.

Ошентип, коомдук тарбиянын ролун жана маанилүү мүнөздөмөлөрүн түшүнүүдө эң кеңири таралган методдорду жалпылоо менен, биз бул көрүнүш окумуштуулар тарабынан жалпы жана социалдык педагогиканын контекстинде карала тургандыгын белгилейбиз. Ошол эле учурда бул көрүнүштү башкалардан айырмалоонун, атап айтканда, жаш муундарды коомдогу жашоого даярдоого багытталган социалдык тарбия менен билим берүүнүн орчундуу айырмачылыктарын аныктоонун зарылчылыгы катары түшүнөбүз.

Социалдык тарбияга социалдык педагогиканын концептуалдык-категориялык аппаратында орун берип, изилдөөчүлөр аны социалдаштыруу процессине киргизишет. Бул учурда биз социалдаштыруунун формасы катары, социалдык тарбия жөнүндө сөз кылабыз. Бул позицияны карманып, биз коомдук тарбияны жалпысынан билим берүүдөн айырмаланып, бир гана ата-энелер эмес, мугалимдер, класс жетекчилер, социалдык педагогдордун ишинин конкреттүү каражаттарын жана ыкмаларын колдонуу менен ишке ашырууга тийиш деп айтууга туура келет.

Социалдык педагогиканын милдеттерине жана социалдык-педагогикалык иш-аракеттердин мазмунуна таянуу менен, социалдык тарбиялоо, коомдо көйгөйлөрү бар балдар менен иштөөдө ишке ашырылуучу артыкчылыктуу конкреттүү функциялары (коргоо, жардам берүү, оңдоо, реабилитациялоо ж.б.) жагынан мүнөздөлүшү керек. Ошол эле учурда социалдык тарбиянын максаттуу багыттары, баланын коомго аралашуусуна тоскоолдуктарды жоюу аркылуу коомдо жашоого даярдоо катары таанылууга тийиш. Жалпы тарбиялоодон айырмаланып, инсандын индивидуалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүү аркылуу (психикалык, эстетикалык, физикалык, эмгектик ж. б.) мугалим тарабынан балдарга колдоо көрсөтүү жана жашоого даярдоо менен байланышкан. [3,115 б.]

Мурда айтылгандай, социалдык тарбия да тарбиянын бир түрү катары каралат, б.а. жалпы педагогиканын феномени катары. Бул түшүнүктү кененирээк карайбыз, анткени ал бардык педагогиканын (анын ичинде социалдык) концептуалдык жана категориялык аппаратына тиешелүү. Мында коомдук тарбиялоого; физикалык, эмгектик, адептик, акыл-эс, эстетикалык ж. б .у. с. кирет.

Балдар тиешелүү иш-аракетти (акыл-эс тарбиясы боюнча интеллектуалдык, эстетикалык жактан көркөм же музыкалык, эмгекте жемиштүү ж.б.) аткарганда гана мүмкүн болгон билим берүүнүн башка түрлөрү сыяктуу эле, билим берүү социалдык багыттагы спецификалык типтерде социалдык болуп калат. Коомдук тарбия ишке ашырылуучу ишмердүүлүктүн конкреттүү түрү, б.а. практикага багытталган мүнөзүн аныктайт. Мына ушундай учурда гана баланын коомдо адекваттуу иштешине, анын шарттарына ыңгайлашуусуна мүмкүндүк берүүчү өзгөчө жеке сапаттары, мамилелери, баалуулук багыттары, турмуштук мамилелери калыптанат деп айта алабыз.

Коомдук тарбиялоонун мындай түшүнүгү менен анын субъекттеринин чөйрөсү кеңейүүдө: аны социалдык эле эмес, ар бир мугалим ишке ашыра алат.

Социалдык тарбиялоо системасынын негизин түзгөн социалдык маанилүү ишмердүүлүк балдарда коллективдүүлүк, өз ара жардамдашуу, активдүүлүк, боорукердик, жоопкерчилик, ишеним, уюшкандык сыяктуу коомдогу жашоо үчүн баалуу жеке сапаттарды калыптандырууга мүмкүндүк берет. Алар адамдын жарандык аң-сезиминин, патриоттук сезиминин жана өзүнүн коомдук милдетин түшүнүүсүнө негиз түзөт. Адамдарга пайда алып келүүгө даярдыгы, коомдогу ишмердүүлүктүн тандоосу жана багыты өспүрүмдүн жаран жана коомдук ишмер катары өзүн-өзү аңдоо баалуулугун аныктайт. Ошол эле учурда социалдык мааниге ээ иш-чаралар, эреже катары, социалдык долбоорлор аркылуу ишке ашырылып, жеке сапаттарды калыптандыруудан жана мотивациялык чөйрөнү кеңейтүүдөн тышкары, билимдин, көндүмдөрдүн жана тажрыйбалардын жүгүн толуктоону камсыз кылат.

Социалдык билим берүү системалары ар кандай деңгээлде түзүлөт: регион, муниципалитет, окуу жай. Демек, алардын иштеши атайын түзүлгөн (мамлекеттик же мамлекеттик эмес) уюмдарда ишке ашат, алардын негизги милдети жаш муундарды коомго интеграциялоо болуп

саналат. Ошол эле учурда ар бир билим берүү уюму башкалардан максаттары, окуучулардын контингенти жана тарбиячылар жамааты, уюмдун өзгөчөлүктөрү, ал кандай принциптерде жашап жана өнүгүп жаткандыгы, мазмуну менен айырмаланган социалдык тарбиянын өзүнүн уникалдуу б.а. программалык иш-чаралардын, салттардын, өз ара аракеттенүүнүн жана башкаруунун түрүн ж.б. системасын түзөт. Ошентип, бардык билим берүү уюмдарынын жалпы милдети – адамды тарбиялоо, бирок аны алардын ар бири ар кандай жолдор менен, ар кандай ыкмалар жана каражаттар менен чечет. [4, 88 б.]

Билим берүү уюмдары жана алардын алкагында иштеген социалдык билим берүү системалары аркылуу коом өсүп келе жаткан муундарды жашоого даярдоо үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө умтулат. Билим берүү уюму өзүнүн мүчөлөрүнүн өзүн-өзү өзгөртүү процессине түздөн-түз таасир этет, инсандын өнүгүшү үчүн, анын коом тарабынан бекитилген керектөөлөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Демек, билим берүү уюмдары жаштарды коомдогу жашоого даярдоону камсыз кылууда жетектөөчү ролду ойношот, анткени аларда баланын инсандыгы системалуу жана толук кандуу иш-аракеттерди ишке ашыруу аркылуу социалдык маанилүү билимдерге, нормаларга жана тажрыйбаларга ээ болот.

Социалдык тарбиялоо процессиндеги өз ара аракеттенүү тандалма мүнөзгө ээ жана анын субъекттеринин маалымат, иш-аракет ыкмалары, баалуулук багыттары жана социалдык мамилелердин алмашуусун билдирет. Мындай өз ара аракеттенүү негизинен социалдык жактан дифференцияланган, индивидуалдуу жана өзгөрүлмөлүү болот, анткени өз ара аракеттенүүнүн конкреттүү катышуучулары белгилүү бир этникалык, социалдык жана социалдык-психологиялык топтордун мүчөлөрү болуп, бири-бири менен болгон мамилесинде социалдык жүрүм-турумдун түрүн аздыр-көптүр аң-сезимдүү жана максаттуу түрдө ишке ашырышат.

Балдардын социалдык ролдорду ойноосунун негизи болуу менен алардын коомдук тажрыйбанын топтолушун камсыздайт, өзүн-өзү ишке ашырууга, өзүн-өзү ырастоого жана ар тараптуу өнүгүүгө мүмкүнчүлүк берет. Балдар ар түрдүү багыттагы (интеллектуалдык, музыкалык, көркөмдүк, адабий, театралдык, эмгектик ж. жөндөмдүүлүктөрүн, эмоционалдык) тажрыйба чөйрөсүн тереңдетет. Бала социалдык мааниге ээ иш-аракеттердин бир же бир нече түрлөрүн таануу жана өзүн-өзү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн түшүнүү менен, ар кандай башка кырдаалда ушундай ийгиликтерге жетишүүгө умтулат. Алынган социалдык тажрыйба өспүрүмдүн коом үчүн мааниси бар иш-аракеттерге болгон умтулуусун олуттуу активдештирет, ал эми анын үзгүлтүксүз чыгармачылык процессине аралашуусу көз карашынын жана турмуштук таламдарынын кеңейишине көмөктөшөт, социалдык демилгелүүлүгүн жогорулатат. Коомдук мамилелерге тартуу менен балдар керектүү билимдерди алууга жана аларды социалдык маанилүү иш-аракеттердин процессинде ишке ашырууга үйрөнүшөт. [6] мына ошондуктан кыргыз элдик педагогикасындагы инсанды социалдаштыруунун өзгөчөлүктөрүн, өнүгүүсүн жана аны жаш муундарды инсан катары социалдаштырууда пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун илимий теориялык негиздерин аныктоо зарыл болуп саналат.

Ошентип, социалдык тарбиялоо системасы азыркы педагогиканын негизги көрүнүшү катары аны коомдун жана инсандын кызыкчылыгына ылайык долбоорлоонун жолдорун жана каражаттарын терең изилдөөнү жана аныктоону талап кылат.

***Адабияттар***


*1. Мудрик А.В. Введение в социальную педагогику / А.В.Мудрик. -М., 1997. – 238 с.*

*2. Основы современной философии. – М., 1997. – 276 с.*

*3. Социальная работа и социальная философия. – М., 1996. – 221 с.*

*4. Мурзаев М.С. Кыргыз элдик педагогикасындагы инсанды социалдаштыруунун өнүгүүсү. / М.С.Мурзаев. - Б., 2013. – 155 б.*

*5. Яковлева Н.О., Яковлев Е.В. Социалдык тарбия педагогикалык феномен катары // Илим жана билим берүүнүн заманбап проблемалары. - 2014. - № 3. – 65-69 б.*

*6. URL:https://science-education.ru/ru/article/view?id=13591*


---


***УДК: 811.512.161***
***DOI 10.35254/bhu/2022.61.20***



***Karakaya Nergiz, E.***
*Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi*


# YABANCILARA TÜRKÇE ÖĞRETİMİNDE SINIF İÇİ YAZILI ANLATIM ÇALIŞMASI VE DEĞERLENDİRİLMESİ


## *ÖZET*

*Yazma eğitimi, dil öğrenme ve öğretme sürecinde önemli bir yer tutmaktadır. Yabancı öğrencilerin dil eğitiminde eksikliklerinin somut bir biçimde belirlenip, onlara doğru dönüt verilmesi açısından dikkat edilmesi gereken bir konudur. Yazma, anlatmaya bağlı üretici bir beceridir. Bu sebeple yabancı dilde yazma hem bir süreci hem de bu süreç sonunda ortaya çıkan ürünü göstermektedir. Yazma becerisi, öğrencilerin sözcükleri, dil bilgisel yapıları, deyimleri, atasözlerini vb. doğru öğrenip öğrenmediklerini kontrol etme fırsatını öğreticiye sunmaktadır. Dört temel beceri içerisinde öğrencilerin en çok zorlandığı veya sorun yaşadığı yazma becerisidir.*

*Bu çalışma yabancılara Türkçe öğretiminde sınıf içinde yazılı anlatım çalışmasının nasıl yapılacağına*